ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, жактырылды
Протокол № 8
«29» апрель 2024-ж.

БЕКИТЕМИН
ТалМУнун ректору техн.и.д., профессор Ж.С. Шаршембиев
«30» апрель 2024-ж.

# ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН АЛДЫНДАГЫ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР БАГЫТЫНДАГЫ “БЕКТУР АГАЙ” ЛИЦЕЙИНИН ЖОБОСУ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Талас мамлекеттик университетинин алдындагы маалыматтык технологиялар багытындагы «Бектур агай” атындагы лицейи (мындан ары - Лицей) Талас мамлекеттик университетинин (ТалМУ) окуу базасында уюштурулган.

**1.2.** Лицей Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү мектептеринин тепкичтеринин бири. Өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, "Билим берүү жөнүндө", "Баштапкы жалпы орто билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларынын жана ТалМУнун ченемдик-укуктук актыларынын негизинде жүргүзөт.

**1.3.** Лицейдин директору лицейдин окуу, тарбиялык жана каржылык иштери тууралуу ТалМУнун окумуштуулар кеңешинде отчёт берет.

**1.4.** Лицейдин педагогикалык жамаатынын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, ТалМУнун эмгек келишими жана жамааттык келишимдер аркылуу жөнгө салынат. Окуучулары жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен болгон байланыштар ушул жобонун жана ТалМУнун локалдык (жергиликтүү) актылары менен жөндөлүп турат.

## 2. ЛИЦЕЙДИН МИЛДЕТТЕРИ

Лицейдин негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- маалыматтык технологиялар профилиндеги жогорку окуу жайларында окуусун андан ары улантуу үчүн окуучуларды даярдоо;
- окуучулардын жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окуусун улантуусу үчүн зарыл болгон фундаменталдык, теориялык жана профилдик тереңдетилген даярдыкты камсыздоо;
- билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын жүзөгө ашыруу;
- окутууну уюштуруу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;

## 3. ОКУУ ЖАНА ТАРБИЯ ИШТЕРИН УЮШТУРУУ

**3.1.** Окуу жана тарбия иштерин уюштуруу үчүн Лицей Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги, ТалМУ тарабынан бекитилген типтүү окуу планын камтыган окуу-пландаштыруу документациясынын топтомуна, ошондой эле сабактар боюнча программалардын топтомуна ээ болууга тийиш. Лицей өз иш-аракеттеринин өзгөчөлүгүнө жараша учурдагы окуу жылына жумушчу окуу планын жана зарыл болгон окуу программаларын иштеп чыгат, аны ТалМУнун окумуштуулар кеңеши бекитет. Лицейдин аткаруучу органы катары директору, ал эми ал жокто лицейдин окуу-тарбиялык иштери боюнча директорунун орун басары эсептелет.

**3.2.** Лицейде окутуу базистик окуу планынын негизинде жана жекече иштелип чыккан, тереңдетип окутууда ылайыкташтырылган окуу пландары жана программалар менен жүргүзүлөт. Иштелип чыккан окуу пландар жана программалар педагогикалык кеңешменин чечими менен бекитилет.

**3.3.** Лицейдин директору жалпы жетекчиликти ишке ашырат:

- ушул жободогу бекитилген укуктардын алкагында лицейдин ишмердигине байланышкан маселелерди чечет;
- окуучулардын сабактарынын жүгүртмөсүн бекитет;
- базистик окуу пландын негизинде окуу жүктөмүн бөлүштүрөт;
- окуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары менен биргеликте сабактарга, окуу сабактарынын башка түрлөрүнө, тарбиялык иш-чараларга катышуу аркылуу педагогдордун ишмердигин көзөмөлгө алат;
- лицейдин ишмердигиндеги ар кандай маселелерди чечет (мугалимдерди сыйлыктарга көрсөтүү, сыйлоо ж.б.);
- мамлекеттик жана коомдук уюмдарда лицейдин кызыкчылыктарын билдирет жана аларды коргойт.

**3.4.** Педагогикалык жана методикалык маселелерди кароо, окуу тарбиялык процессти уюштуруу, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны изилдөө жана жайылтуу максатында, ошондой эле тарбия берүүнү жана окутууну камсыздоо маселелерин натыйжалуу чечүү үчүн педагогдордун жамаатынын аракеттерин бириктирүү үчүн лицейде педагогикалык кеңешме иш алып барат.

**3.5.** Педагогикалык кеңешме лицейдин, педагогикалык жана окуучулар жамаатынын турмушуна байланыштуу бардык маселелерди карайт. Окуучулар жана ата-энелердин өзүн өзү башкаруу органдары, ата-энелер комитети менен карым-катышуу маселелерин камтыган локалдык актыларды иштеп чыгат жана окуучулардын сынактарга кирүү жана сынактан бошотуу, которуу жана жалпы орто билим берүү тууралуу аттестаттарды берүү жана одоно тартип бузуулары үчүн лицейден чыгаруу менен байланышкан чечимдерди кабыл алат. Лицей жетекчилеринин отчётторун угат, лицейдин окуу-методикалык базасын чыңдоо жана кеңейтүү маселелерин талкуулайт. Лицейдин мугалимдерин сыйлыкка көрсөтөт .

**3.6.** Педагогикалык кеңешменин курамына мугалимдер, класс жетекчилери, анын ичинде кош жумушчулар, администрация мүчөлөрү кирет. Педагогикалык кеңешменин төрагасы болуп лицейдин директору эсептелет. Ал өз буйругу менен педагогикалык кеңешменин катчысын бир жыл мөөнөткө дайындайт.

**3.7.** Педагогикалык кенешменин чечимдери жыйында анын мүчөлөрүнүн кеминде 3/2 катышкан учурда ачык, зарылдык пайда болсо, жашыруун добуш берүү аркылуу кабыл алынат. Добуштардын саны бирдей болгон учурда чечүүчү катары педагогикалык кеңешменин төрагасынын добушу эсептелет. Педагогикалык кеңешменин чечимдери педагогикалык жамаат үчүн милдеттүү болуп эсептелип, лицейдин жетекчисинин окуучуларды сынакка киргизүү, окуучуларды жогорку класска которуу же аларды окуу курсун кайталоо үчүн калтыруу, сынактардан бошотуу, жалпы орто билими тууралуу аттестат берүү, көтөрмөлөө жана жазалоо ж.б тууралуу буйругунун негизинде ишке ашырылат. Окуучуну лицейден чыгаруу тууралуу педагогикалык кеңешменин чечими ата-энелердин же аларды мыйзамдуу түрдө алмаштыруучу адамдардын катышуусунда кабыл алынат.

**3.8.** Класстарда ата-энелер комитеттери жалпы класстык жыйындарда, жыйындын чечимдерине ылайык шайланат. Жалпы класстык жыйында ата-энелер комитетинен бир өкүл шайланат.

Класстык ата-энелер комитеттери:

а) Класстагы окуу-тарбиялык процессти жакшыртуу жана ага ата-энелерди катыштыруу маселелерин талкуулайт;

б) төмөнкү маселелерди чечет:

- класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу (экскурсияга, жаратылышка чыгуу, театрларга, кинотеатрларга баруу);

- класстык ата-энелер жыйынынын чечимдерине токтомдор кабыл алынып, токтомдор класс жетекчисинде сакталат.

**3.9.** Илимий-усулдук иштерди жүргүзүү үчүн төмөнкү усулдук бирикмелер иш алып барат:

а) Гуманитардык усулдук бирикмеси;

б) Табигый илимдер усулдук бирикмеси;

в) Так илимдер усулдук бирикмеси;

г) Эстетикалык усулдук бирикмеси.

**3.10.** Окуу процесси, класстан класска көчүрүү жана мамлекеттик сынактарды тапшыруучу эки жарым жылдыктын негизинде түзүлөт.

**3.11.** Жарым жыл ичинде кезектеги текшерүү диктанттар, тесттик тапшырмалар жана текшерүү иштери, ал эми жыйынтыктоочу текшерүү экзамен түрүндө, аралык жыйынтыктоочу баалар балл түрүндө жарым жылдык боюнча коюлат.

**3.12.** Сабактар 45 минутадан өтүлөт.

**3.13.** Класстагы окуучулардын саны 25 окуучудан ашпайт.

**3.14.** Лицейде окутуу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жүргүзүлөт.

**3.15**. Билим берүү программаларын өздөштүрүү «Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясы тууралуу жобого» ылайык жүргүзүлүүчү бүтүрүүчүлөрдүн милдеттүү жыйынтыктоочу аттестациясы менен аяктайт.

**3.16.** 8-10-класстын окуучулары жыл этегинде көчүрүү экзамендерин тапшырат. Экзамендик билеттер жана материалдар жыл сайын лицейдин усулдук бирикмелери тарабынан нормативдерге ылайык иштелип чыгат жана алар башталганга чейин бир айдан кем эмес мөөнөттө педагогикалык кеңешме тарабынан бекитилет. Окуучулар жана алардын ата-энелери экзамендердин жүгүртмөсү, экзамендик билеттер менен экзамендер башталганга чейин бир ай мурун тааныштырылышы керек.

**3.17.** Профилдик сабакты өтүүдө эки сабакты жуптап өтүүгө уруксат берилет.

**3.18.** Лицейдин 1- баскычын (9- классты) бүткөн окуучу толук эмес орто билим жөнүндө күбөлүк алып, (10-11- классында) окуусун улантууга укук алат.

**3.19.** 2- баскычта (11-классты) бүткөн окуучуларга "Орто билим жөнүндө" аттестат жана маалыматтык технологиялар багытына ылайык 10 айлык курстун сертификаты берилет.

**3.20.** Эң жакшы бүтүрүүчүлөр "Артыкчылык аттестат", окуудагы предметтер боюнча өзгөчө жетишкендиктери үчүн грамоталар менен сыйланат.

**3.21.** Лицейдеги 11-класстагы бүтүрүү сынагы бир эле мезгилде келишим түзгөн жогорку окуу жайлар үчүн берилген экзамендер болуп эсептелинет.

**3.22.** 9-класстарда бүтүрүү экзамендери 1-15-июнга чейин, 11- класстарда бүтүрүү экзамендери 1-20-июнга чейин өтүлөт.

**3.23.** Лицей билим берүү жана илим министрлигинин жалпы билим берүү башкармалыгынын макулдугу менен өзүнүн шартына жараша окуу планын түзүп алууга укуктуу.

## 4. ОКУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ

**4.1.** Окуучуларды кабыл алуу конкурстук негизде аңгемелешүүнүн же педагогикалык кеңешмеде бекитилген кирүү тесттеринин жыйынтыгы боюнча ишке ашырылат, натыйжалар окуучуларга жана ата-энелерге билдирилет.

**4.2.** Конкурстук тандоодон өткөн окуучулардын документтерин каттоо үчүн төмөнкүдөй иш-кагаздар керек:

- лицейдин директорунун атына жазылган арыз;

- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн, ОМС көчүрмөсү;

- ата-эненин паспорт көчүрмөсү.

Лицейге кабыл алуу, окуу үчүн 30%дык төлөмдү жүргүзгөндөн кийин ректордун буйругу менен ишке ашырылат.

Лицейге кабыл алынып жатканда окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) аталган Жобо жана окуу-тарбиялык процессти регламенттөөчү башка документтер менен тааныштырылышы керек.

**4.3.** Лицейде окуу үчүн төлөмдүн өлчөмү ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет.

## 5. ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМИН БААЛОО

**5.1.** Окуучулардын билими "5" (эң жакшы), "4" (жакшы), "3" (канааттандырарлык), "2" (канааттандырарлык эмес) деген баалар менен бааланат.

**5.2**. Окуучулардын тартиби "үлгүлүү", "канааттандырарлык", "канааттандырарлык эмес", деген баалар менен бааланат.

**5.3.** Күндөлүк ошондой эле зачет китепче колдонулат, ага семестрлердин сессиясынын баалары коюлат, ата-энелер менен байланышуу беттер берилет.

## 6. ЛИЦЕЙДИН БАШКАРУУЧУ ЖОГОРКУ ОРГАНЫ ЖАНА АНЫН УКУКТАРЫ

**6.1.** Лицейдин жогорку башкаруучу органы болуп уюштуруучу ТалМУ эсептелет.

**6.2.** Уюштуруучу төмөнкү укуктарга ээ:

- лицей тууралуу жобону бекитүүгө жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;
- лицейди кайра түзүү жана жоюу тууралуу маселелерди чечүүгө;
- лицейдин жылдык отчётторун бекитүүгө;
- лицейдин материалдык-техникалык жактан жабдуу, окуу каражаттары менен камсыздоо ТалМУнун эсебинен, контракттан жана башка финансылык булактардын эсебинен толуктап берүүгө.

**6.3.** Лицейдин директору уюштуруучу тарабынан контракттык негизде 5 жылдык мөөнөткө дайындалат .

## 7. ЛИЦЕЙДИН УКУКТАРЫ

**7.1**. Негизги милдеттерди ишке ашыруу үчүн лицей төмөнкүдөй укуктарга ээ:

а) Мамлекеттик билим берүү стантарттарынын талаптарын эске алуу менен билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгып кабыл алуучуга жана ишке ашырууга;

б) Окуу пландарын, календарлык окуу графигин жана сабактын жүгүртмөлөрүн кабыл алууга жана бекитүүгө;

**7.2.** Билим берүү процессинин катышуучулары болуп окуучулар, мугалимдер жана лицейдин башка кызматкерлери эсептелет.

**7.3.** Окуучулар төмөнкүдөй укуктарга ээ:

а) Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы орто билим алууга;

б) Китепкана фонду, жабдуулар, компьютердик борбор, спорттук каражаттар менен белгиленген тартипте акысыз колдонууга;

в) Кошумча (акылуу) билим берүү кызматтарын алууга;

г) Лицейдин окуу жамаатын башкарууга катышууга;

д) Адамдык сапаттарды сыйлоого, өз көз караштарын эркин билдирүүгө, ошондой эле өз укуктарын, ар-намысын жана кадыр баркын коргоого ;

е) Коомдук уюмдарына ыктыярдуу кирүүгө;

ж) Физикалык жана психологиялык зомбулук усулдарын колдонуудан коргонууга.

**7.4.** Лицей менен окуучулардын ата-энелеринин мамилелери кызматташуу тууралуу келишимдин негизинде жөндөлөт, мында билим берүү жана кошумча кызмат көрсөтүү, ошондой эле бири бирине карата милдеттери жана укуктары, жоопкерчилик, жактардын келишим мөөнөтү, юридикалык дареги белгиленет.

**7.5.** Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүдөй укуктарга ээ:

а) Өз балдарынын мыйзамдуу укуктарын, кызыкчылыктарын коргоого: бул үчүн лицейдин директоруна арыз жазып кайрылуу зарыл, ал эки жумадан кечиктирбей ал арызга жазуу түрүндө жооп бериши керек; ата-энелер менен мугалимдин (класс жетекчисинин) ортосунда кагылышуу болгон учурда директордун буйругу менен көз карандысыз комиссия түзүлөт, ал кагылышууну чечүү боюнча тийиштүү сунуштарды киргизет;

б) Эгер окуучунун жетишкендиги, жүрүм-туруму тууралуу маселе каралып жаткан болсо, педагогикалык кеңештерге кирүүгө жана талкууларга катышууга;

в) Билим берүү процессинин жүрүшү, окуучунун жетишкендиктеринин баалары менен таанышууга, директордун жана сабак өтүп жаткан мугалимдин уруксаты менен лицейде окуп жаткан класста мугалимдердин сабагына кирүүгө, класс жетекчиси аркылуу окуучунун баалары менен таанышууга;

г) Окуу-тарбиялык процессти жөндөөчү лицей тууралуу жобо жана башка нормативдик документтер менен таанышууга;

д) Педагогикалык жана окуучулар жамааттарынын кызыкчылыктарын коргоо максатында лицейдин жобосуна жана КР мыйзамдарына каршы келбеген кайрымдуулук фонддорун түзүү;

е) Төмөнкүлөргө тиешеси бар сунуштарды киргизүүгө:

- билим берүү процессин жакшыртууга;
- кошумча билим берүү кызматтарын уюштурууга;
- айрым предметтер боюнча окуучулардын билимдерин тереңдетүү максатында сабактарды өтүү үчүн ТалМунун окутуучуларын тартууга;

ж) Класстын жана лицейдин ата-энелер комитетин шайлоого.

**7.6.** Педагогикалык кызматкерлер төмөнкүдөй укуктарга ээ:

а) ишти башкарууга катышууга;

б) Лицейдин педагогикалык кеңешмесине шайлоого жана шайланууга «Ички эмгек тартибинин эрежелерин» талкуулоого жана кабыл алууга;

в) Эмгек жамаатынын жалпы жыйынында чечимдерди талкуулоого жана кабыл алууга;

г) Өзүнүн кесиптик намысын жана баркын коргоого;

д) Окутуу жана тарбиялоо усулдарын, окуу китептерин жана материалдарын, окуучуларды баалоо усулдарын эркин тандоого жана колдонууга;

е) Өз квалификациясын жогорулатууга;

ж) Кесиптик жүрүм-турум нормаларын же жазуу түрүндө берилген жобону бузганда кызматтык тергөө жүргүзүүгө.

**7.7.** Окутуучулар, административдик-башкаруучу персонал өзүнүн негизги кызматы менен бирге бир эле убакта кошумча кызматтарды аткара алышат.

## 8. ЖООПКЕРЧИЛИК

**8.1.** Лицейдин жетекчилиги кызматтык көрсөтмөлөрдү аткаруу, окутуучулардын жана педагогикалык жамааттын өмүрү жана саламаттыгын сактоо боюнча жоопкерчиликти толугу менен өзүнө алат.

**8.2.** Административдик-башкаруучу персонал лицейдин ички тартибинин жана кызматтык эрежелерин жетекчиликке алат.

**8.3.** Лицейдин окуучулары төмөнкү учурларда окуудан чыгарылат:

а) Мыйзамсыз аракеттерди жасаганда, лицейдеги ички тартип эрежелерин бир нече ирет одоно бузганда;

б) Ата-энесинин арызынын негизинде башка билим берүү мекемелерине которулганда;
г) Жөндүү себепсиз 70 сааттан ашуун сабак калтырганда;
д) Келишим акысын өз учурунда төлөбөгөндө.
**8.6.** Ар бир класстын класс жетекчилери, класстагы окуучуларга жооп берет.

## 9. ЖОБОГО ӨЗГӨРТҮҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ

Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор лицейдин педагогикалык кеңешмесинин талкуулоосунан кийин жана ТалМУнун окумуштуулар кеңешинин жактыруусу менен киргизилет.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

Лицейдин директору — Бутешова А.М.

ТалМУнун КБ башчысы — Бешкемпирова В.К.